ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 17+39+81 (045/046)

**КАРЫБЕКОВА М.,** КГУСТА им. Н.Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика,
e-mail: Kakuta Game <mairam0301@gmail.com>
**KARYBEKOVA M.,** KSUCTA n.a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic.

# ЭТИКА ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫ

# ЭТИКА И ОБРЯДЫ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

# ETHICS AND RITES OF THE KYRGYZ PEOPLE

*Бул макалада этика, анын адам турмушундагы орду, кыргыз ырым-жырымдары менен болгон байланышы жөнүндө сөз болот.*
***Өзөк сөздөр:*** *этика, манера, этикет, жүрүм-турум, ырым-жырым, тыйым.*

*В этой статье рассматривается вопросы этики, этикета, норм поведения, их связь с народными обычаями и обрядами кыргызского народа.*
***Ключевые слова:*** *этика, этикет, манера, нормы поведения, обычаи, обряды, табу.*

*This article examines the issues of ethics, etiquette, norms of behavior, their relationship with folk customs and rites of the Kyrgyz people.*
***Key words:*** *ethics, etiquette, manner, norms of behavior, custom, ceremonies,*

Адам өмүрүнүн башынан акырына чейин башка адамдар менен ар кандай мамиле түзүп келет. Бул мамилелерди биздин жакшылык менен жамандык, адилеттүүлүк менен адилетсиздик тууралуу оюбузду чагылдырган адеп-ахлаптык (мораль) жөнгө салып турат. Адеп-ахлаптык адамга башка адамдардын ишин баалоого, түшүнүүгө жана ал туура жашап жатабы, эмнеге умтулушу керек деген суроолорду ой элегинен өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эгер адам адеп-ахлаптык нормаларды туура түшүнсө, жана мамиле түзүүдө аларга таянса, анда ал өз максатына жете алат жана пикир алышуу да натыйжалуу болот. Ал эми пикир алышууда адам бул нормаларды эске албай же алардын мазмунун бузса, анда пикир алышуу кыйындайт же такыр эле мүмкүн эмес болуп калат.

Деги эле адамдын жүрүм-туруму тууралуу эрежелерди ким чыгарган? Эмне үчүн бир жүрүм-турум коомго жагат, ал эми экинчиси наразычылыкты пайда кылат? Мына ушу суроолорго этика жооп берет.

Этика – бул философиянын эң байыркы тармактарынын бири, адеп-ахлаптык (мораль) жөнүндөгү илим. “Этика” термини “ethos” деген грек сөзүнөн “этос” – “каада-салт, мүнөз” дегенди түшүндүрөт. “Этика” термини Аристотель (б.з.ч. 384-322-жж.) тарабынан адеп-ахлаптык тууралуу окууну түшүндүрүү үчүн жана “Биз адеп-ахлаптык жактан туура иштерди жасаш үчүн эмне кылышыбыз керек?” деген суроого жооп берүүчү “практикалык философия” катары киргизилген.

Алгач “этика” жана “мораль” терминдери маанилеш болгон, бирок соңунда илим жана коомдук аң-сезимдин өнүгүшү менен, алар ар башка мааниге ээ болуп калган.
Адеп-ахлактык (мораль) –бул адам баласы тааныган этикалык дөөлөттөр системасы. Ал адамдын жүрүм-турумун коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө: эмгекте, турмуш-тиричиликте, жеке, үй-бүлөлүк жана эл аралык мамилелерде жөнгө салып турат.
Этиканын маанилүү категорияларына “жакшылык”, “жамандык” “жоопкерчилик”, “адилеттүүлүк”, “милдет” деген түшүнүктөр кирет. “Жакшылык” менен “жамандык” – адеп-ахлаптык жүрүм-турумдун көрсөткүчтөрү жана ошолордун призмасы аркылуу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

адамдын жасаган ишин, анын бүткүл ишмердүүлүгүн баалоого болот. Эти… “жакшылыкты” адам жасаган иштин обьективдүү моралдык мааниси деп карайт. Көп учурда мораль оң жүрүм-турум, жакшылык менен окшош болот, ал эми жамандык адепсиздик, аморалдуулук катары каралып келет. Жакшылык менен жамандык түшүнүктөрү бири экинчисиз жашай албаган, бирок ошол эле учурда тең маанидеги эмес, карама-каршы түшүнүктөр.

Тарыхтагы биринчи адеп-ахлаптык эрежелердин бири: “Өзүң башкалардан эмнени күтсөң, аларга да так эле ошондой мамиле жаса,”- дейт. Бул эреже IV-V кылымдарда бир эле учурда ар кыл маданий борборлордо – Вавилондо, Кытайда, Индияда жана Европада пайда болгон. Бара-бара ал “алтын эреже” аталып, ага чоң маани бериле баштаган. Өзү күткөн мамилени башкаларга жасоо зарылдыгы, башкаларды сыйлоо менен өзүн сыйлатуу адеп-ахлактын жана нравалуулуктун негизин түзөт.

Тилекке каршы, турмушта бири-бирин сыйлабоочулук, оройлук көбүрөөк кездешет, себеби адамдар жүрүм-турум маданиятына анча маани беришпейт. Манера - бул жүрүм-турумдун сырткы формасы, адамдын өзүн алып жүрүүсү, башка адамга кайрылуусу жана сүйлөгөн добушунун тону, интонациясы, сөздөрү. Мындан сырткары, буларга адамга мүнөздүү жесттер, басыгы жана мимикасы кирет.

Жакшы манера деп адамдын өзүн алып жүрүүдөгү жупунулугу жана сабырдуулугу, өз жүрүм-турумун башкара билүүсү, башка адамдар менен сыпайы сүйлөшүшү эсептелет. Манера адамдын жүрүм-турум маданиятына кирет жана этикет менен жөнгө салынат. Этикет – француз тилинен келген, “жүрүм-турум манерасы” дегенди түшүндүрөт. Этикеттин мекени болуп Италия эсептелет. Этикет ар кандай кырдаалдарда өзүн алып жүрүү нормаларын үйрөтөт.

Коомдо колдонулуп жаткан жүрүм-турум эрежелери жана нормалар адамдан ошол коомго кызмат кылууга, жеке жана коомдук кызыкчылыктарды туура макулдашууну талап кылат. Адеп-ахлактык нормалар каада-салтка, традицияларга баш иет жана ар бир ишти жаныбызда жүргөн адамга жамандык алып келбегендей кылып жасоого үйрөтүп келет.

Ошентип, өнүккөн өлкөлөрдө адамзат коомундагы мамилелер, жүрүм-турум маданияты, жалпы адамзаттык моралдык принциптер жана нормалар мына ушул этика илими менен жөнгө салынып, анын ошол элдердин маданиятына тийгизген таасири жана андагы ээлеген орду менен аныкталат.

Ал эми кыргыздар байыртан эле жашоо-шартына байланыштуу көчмөн эл болгондуктан, өз ара мамилелерин, жүрүм-турум нормаларын, дүйнөгө көз карашын, дүйнө таанымын өзүлөрүнүн каада-салттарында ырым-жырымдарында, оозеки чыгармачылыгында чагылдырып, ооздон-оозго, атадан балага мурас кылып өткөрүп келишкен. Алар табият менен тыгыз мамиледе болуп, тоо-таштарга сыйынып, көп ырым-жырымдарды карманышкан. Ошол ырым-жырымдардын көпчүлүгү азыр да өз маанисин жоготпой, эл турмушунда учурайт.

Жалпысынан алганда, кыргыз маданиятынын бир өңүтүн ырым-жырымдар түзөт. Ырымдардын түрлөрү көп. Кыргызда мынча ырым-жырым бар деп так маалыматты айтуу кыйын. Билинбегени менен көңүл коюп карай келсе, аң-сезимсиз түрдө адам бир күндүк турмушунда канча ырымды аткарып жибергенин өзү да аңдабай калса керек. Мунун себебин байкоочулар ырым-жырымдардын кыргыз психологиясына терең сиңип кеткендиги менен байланыштырышат.

Кытайлык белгилүү манасчы Жусуп Мамайдын айтуусу боюнча, Манас баатыр биринчи атланып чыкканда, аны Акбалта тосуп алып, бир күндүн ичинде, таң аткандан күн батканга чейин ага алты жолу ырым жасаган. Биринчи улактын өпкөсү чабылып, андан соң чыбык кыркып, башынан айлантып ыргытат, суу тегеретип чачат. Ушулардын баарынын артында чоң билим жатат. Мунун баары адамды жамандыктан сактоо, тазартуу үчүн жасалат, себеби ырым тазарууга жол ачат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

«Ырым» деген сөз кыргыз элинин ичинде жалпылашкан сөз болгону менен, аны маанисине болгон түшүнүк, аткарган кызматы, жашоодогу маңызына болгон көз караш ушул күндө да өтө актуалдуу. Бирок ырымдар эл ичинде колдонулуп, ал тургай, улуттук деңгээлде өтүп жатканын көрсөк да, анын эмне үчүн ошондой иштелип жаткан сырын билбей келдик жана бүгүнкү күндө ырым-жырымдарга кайрылып, алардын маани-маңызын чечмелеп, түшүнүүгө, окуп үйрөнүүгө мезгил келип жетти.

Ырым жакшылыкты, иштин оң жакка оошун каалоо аракети болуп, тыйымдын жандырмагы катары кызмат кылган. Тыйым кылган нерселерге адамдар «пенделик» мүнөзүн карматып, каршы келүүчү жоруктарды жасап, каарга калып, жабыр чеккенде, аны ырым кылуу аркылуу жакшылыкка жоруп, жакшылыкка буруп алууга умтулушкан. Мисалы, аңчы “кайберендин башын талаага таштаба, туут кезинде атпа” деген тыйымды жасабай, каршылык кылганда, анын аң жолу «кырсыктайт» (буулат) деп түшүндүрүлгөн. Ал кырсыкты жандыруу үчүн (аң жолун ачуу үчүн), кырсыктаган мылтыкты тебөөрүнгө таштап адамдарды аттатышкан. Адырашман менен ысырыктап, ырымын кылышкан. Муну менен белгилүү даражада өзүн-өзү жазалоо, тазартуу аркылуу тартипке, жакшылыкка кайтуунун аракети жасалып, адам өзү жасаган ишине сын көз караш менен мамиле жасаган. Ушул сыңары, кыргыздын ырымдары жумушун байсалдуу, ийгиликтүү алып жүрүү, оюн ондоп жүрүү аркылуу рухий тазалыгын сактоо максатында «ырым кылуу» аракеттерин жасашкан.

Кыргыз тарыхында, 3-кылымда араб жер кезери Абудулафтын айтканына карасак, кыргыздар чыракты өзү өчмөйүнчө, үйлөп өчүрбөө ырымын тутушкан. Бул тарыхта биринчи жолу жазылып калган кыргыз ырымы. Ушуга байланыштуу кыргыз ырымдарынын тарыхы да узак жолду басып өткөн деп айтууга болот. “Кыргыз элинин ырым-жырымдарынын басымдуу бөлүгү кишилерди адам жолунда кармоону максат кылган. Ал коло доорунда да, орто кылымдарда да керек болгон.

“Бүгүнкү күнү да кыргыз баш мыйзам менен жашап келген жок. Ата-бабанын салты, наркы, ырым-жырымдары менен, ар кандай тыюулар менен адамдыгын жоготпой келатат. Кыргыздын ырым-жырымдарынын дагы бир касиети бар: ар бир адам сот, милиция, прокурордон коркпой, аларды өз ыктыяры менен аткарып келген”, - дейт коомдук ишмер Дастан Сарыгулов.

Жогоруда айтылган ырым-жырымдар бүгүнкү күндө көптөгөн филолог окумуштуулардын, этнограф, фольклористтердин, журналисттердин жана элдин тарыхы менен маданиятына кызыккан инсандардын көңүлүн өзүнө буруп келет. Булардын ичинен *Кытай Эл Республикасынын «Тил жана котормо» журналынын жооптуу редактору, филология илимдеринин доктору Макелек Өмүрбай уулу Кармыштегиндин салымы абдан бараандуу. Коомдук ишмер Д.Сарыгуловдун айткан ой-пикирлери да кыйла маанилүү.*

*М.Өмүрбай ырым-жырымдарды “тыйым” жана “ырым” деп экиге бөлүп,* кыргыздын тыйымы өзүнчө бир өрүштө жаткан маданияты деп караса, ал эми ырымы - тиги өрүштө өзүнчө көрүнгөн маданияты болуп, экөө эки башка, бирок тыгыз байланышта турган чоң рухий дөөлөтү экенин алдын ала эскертип өтөт. *Аларды андан ары маанилерине, колдонулушуна карата коркуу, адамдык кааданы сактоо, адеп, ыйбаа тыйымдарына жана эмгекке байланыштуу, салттык, тамак-аш, төлгө, белги, убакыт тандоо, түс тандоо, сан тандоо ырымдарына ажыраткан.*

*Ал эми биз кыргыз эли колдонгон ырым-жырымдар аркылуу, аларды этика, этикет, адеп-ахлаптык, адептүүлүк, маданияттуулук, тазалык сыяктуу тушүнүктөр менен тыгыз байланышта карап, жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктар ар кандай элдердин жашоо-шартына, өнүгүү деңгээлине карабастан, бирдей багытта калыптанып, бардык учурда адам өзүнүн адамдыгын жоготпой, бири-бири менен мамиле түзүүдө, канча кылым мурда “алтын эреже” деп аталып калган адеп-ахлаптык эрежени туура сактап, өзү күткөн мамилени башкаларга жасоо зарылдыгын түшүнүп, бири-бирине сый-урмат менен татыктуу жашап өтүүгө милдеттүү экенин эске салып, көпчүлүктүн көңүлүн кыргыз элинин көөнөрбөс, руханий казынасына бурмакчыбыз.*

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

*Байыртадан отурукташып, жүз жылдаган маданияты тарыхка жазылган, алфавиттик жазуусу бар элдердин илимге айланган жүрүм-турум нормаларын, этикалык маданиятын көчмөн кыргыз эли да өз кезегинде каада-салттарында, макал-ылакаптарында, ырым-жырымдарында берип, жашоо-тиричилигинде колдонуп, кийинки муундарды тарбиялашкан.* Кыргыздар байыртадан эле жаштарды өзүнө-өзү талап кое билүүгө көнүктүргөн. Убаданы аткарбоо, көпчүлүктү көзгө илбөө, убадалашкан мезгилден кечигип келүүнү ж.б. айыптаган. *Адам болуунун жолун өзүнчө кыргыздык ыкма менен карманып келишкен. Мисалы, "саламдашпай, сөз баштаба", "кишиге артыңды салба", "каптальдан качырып сүйлөбө", "колуңду артыңа алып баспа", "эртен менен жаман сүйлөбө", ж.б. – маданияттуулукка; "жуугандан кийин, колуңду силкпе", "арыктагы сууга түкүрбө", "түндөсү суу куюлган идишти ачык койбойт", "караңгыда шыпырба", "кечинде тырмак албайт", "супараны улагага илбе", "күл дөбөгө даарат ушатпа, бала-чаканы ойнотпо", "колунду оозуңа салба", ж.б. – тазалыкка; " миздүүнүн мизин каратып койбо", "адамга бычак кесебе", "мылтыкты аттабайт", "кайчыны эшиктин башына илбе", "таң атарда жолго чыксаң чык, күн батаарда, чыкпа", ж.б. – коопсуздукка; "бейитти колуң менен көрсөтпө", "кыбыланы тээп жатпайт", "мүрзө аралап өткөндө келме келтир", бейиттин жанынан өткөндө күлбө, бетиңе бата кыл", "намаз шамда жатпа", ж.б. –диний ишенимдерге карата айтылган. Бул ырым-жырымдарды изилдөөнүн башаты гана болуп эсептелет. Алдыда аларды терең изилдеп, лексика-семантикалык топторго, түрлөргө бөлүштүрүү, калып калгандарын чогултуу, грамматикалык түзүлүштөрүн аныктоо иштерин жүргүзүү актуалдуу маселелерден болуп саналат .*

**Адабияттар тизмеси**


1. Шеламова Г.М. Деловая культура и психология общения [Текст] // Г.М.Шеламова. - М.: "Академия", 2005. - с.6-8.
2. Жетимишбаев К. Санжыра санаты [Текст] / К. Жетимишбаев, Р.Масыракунов. - Б.: "Кыргызстан-Мээрим, ККИ, 1994. - 50-56 бб.
3. Макелек Өмүрбай уулу Кармыштегин. Кыргыздын ырымы жана тыйымы [Электронный ресурс] Режим доступа: http://kmborboru.su/2016/02/06/makelek-m-rbaj-uulu-karmyshtegin-ky/
4. Каада-салттар,ырым- жырымдар [Электронный ресурс] Режим доступа: https://sputnik.kg/society/20151129/1020489090.html
5. **Кадыров Ы. Бабалардан осуят** [Текст] / Ы.Кадыров. - **«Де Факто» («Кыргыз гезиттер айылы»), 19.04.2012-ж.**
6. Үсөнбаева Т. Ырым-жырымдар [Текст] / Т.Үсөнбаева // "Sputnik-Кыргызстан", 02.03.2017-ж. © ***AFP / ROSLAN RAHMAN***
7. ***Бейшенбек к.Э. Өмүрбай: Кыргыз идеологиясы ырым-тыйымдарда*** [Текст] / Бейшенбек к. Э. // «Азаттык»***, 15.12.2015-ж.***